# Ырахат принциптери

## ырахатка негизделген сексуалдык ден соолук

**Сексуалдык жана репродуктивдик укукка жана ден соолукка карата «ырахатка негизделген мамиле» деген эмне?**

Ырахатка негизделген мамиле (ыкма?)- бул жыныстык катнашты, сексуалдуулукту жана алардан алына турган кубанычты, жыргалчылыкты артыкча белгилеген жана сексуалдык укуктарга негизделген жакшы секс тууралуу түшүнүктү жаратуучу ыкма.

Ал адамдарга өз денесин жана кеп кырдуу каалоолорун түшүнүүгө, кабыл алууга жана кеземелдееге мүмкүнчүлүк берүү үчүн тактилдик, психикалык, физикалык жана сезимталдуулук ырахаттарга басым жасайт.

Жыргалчылык, коопсуздук, ырахат, каалоо жана кубаныч - бул ырахатка негизделген программанын максаттары.

Бул мамиле адамдын каалаган нерсесин билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонун жана ал тууралуу сурай аларын, ошондой эле өзүнүн сексуалдуулугу, каалоолору жана ырахаттануусуна байланыштуу башкалардан муну талап кылуу менен өз укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн, өз алдынчалыгын жана натыйжалуулугун жогорулатат.

Бул “Ырахат принциптери” секс-позитивдүү, ырахатка негизделген сексуалдык ден соолукка карай сапарда адамдарды жана уюмдарды колдоо жана шыктандыруу үчүн колдонмо катарында иштелип чыккан. Ырахат принциптери ырахат чөйрөсүндөгү сиздин активист, жактоочу же практик катарындагы ишмердүүлүгүңүздө дем жана жардам берүү максатын көздөйт.

**ӨЗҮҢҮЗДҮ СҮЙҮҢҮЗ**
Ырахатты камтыган дүйнөнү куруу үчүн өзүңүздү сүйүңүз. өзүңүзгө жана башкаларга ак көңүл мамиле кылыңыз. Ырахатты жактоочу башка адамдар менен кызматташып, аларга көмөктөшүңүз.

**БИЛИМ АЛУУНУ КОЛДОНУҢУЗ**
Ырахат алуунун позитивдүү ыкмаларынын сексуалдык ден-соолукка болгон таасири тууралуу далилдер көбөйүүдө. Бул билимди жыныстык катнашка карата позитивдүү мамилени жайылтуу үчүн колдонуңуз.

**СЕКС ЖӨНҮНДӨ СҮЙЛӨҢҮЗ**
Ырахат алуу жөнүндө позитивдүү билдирүүлөр маалыматты жакшы жана натыйжалуу берет. Медиа чөйрөдө далилдерге негизделген жана ырахат тартуулаган тилди жана сүрөттөрдү колдонуңуз.

**ИЙКЕМДҮҮ БОЛУҢУЗ**
Ар бир уникалдуу контекстке жана маданиятка болгон мамилеңизде ийкемдүү болуңуз. Ырахатка негизделген сексуалдык ден соолук ар бир адам үчүн мүмкүн экенин түшүнүңүз.

**УНИВЕРСАЛДУУ ОЙЛОНУҢУЗ**
Ар бир адам ырахат алууга жөндөмдүү. Адамдардын жеке айырмачылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн аныктап, ырахатка негизделген сексуалдык ден соолукка ар биринин катышуусун камсыз кылыңыз.

**ЭҢ БИРИНЧИ УКУКТАР**
Сексуалдык укуктар жана адам укуктары - адамдын сексуалдуулугунун негизи. Алар ырахатка негизделген сексуалдык ден соолуктун өзөгү болуп саналат.

**ПОЗИТИВДҮҮ БОЛУҢУЗ**
Бардык ырахат принциптеринин өзөгүндө сексе болгон позитивдүү мамиле жатат. Эсиңизде болсун, өзүңүздү коопсуз сезгениңизде, секс сиз үчүн абдан жакшы болушу толук ыктымал.

Бул документ гендердик инклюзивдүү тилди кабыл алуу менен которулган. Бул бизге ар бир адамды, ар бир жынысты жана коомубуздагы ар бир чындыкты чагылдыруу үчүн тилибизди ылайыкташтыруунун жана өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүгү жана зарылдыгы жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берди.

the pleasure project.

good safe sex